Кочкорбаев айыл кенешименен
2020-жылдын30-сентябрындагы
№ 158/XXII-27
токтому менен бекитилген.

# Муниципалдык, анын ичинде администрациялык курулмаларды, имараттарды пайдалануу үчүн ижаралык акыны эсептөө тартиби жөнүндө
# НУСКАМА

(1. Муниципалдык мүлк ижарага түз берилген учурда мамлекеттик турак-жай эмес имараттарын, жайларды жана курулмаларды пайдалануу үчүн ижара акысынын чоңдугу төмөнкүдөй формула боюнча эсептелет:

Аа.ак. = Баз.ст. x S x К1 x К2 x К3 x К4 + Аж,

мында:

Аа.ак.- бир айлык ижара акысынын өлчөмү;

Баз.ст. - 1 кв.м, үчүн бир айлык ижара акысынын базалык ставкасы;

S - ижарага берилчү имараттын (жайдын) аянты;

К1 - имараттын жайгашкан жеринин коэффициенти;

К2 - жайдын техникалык абалынын коэффициенти;

К3 - имараттын техникалык жабдылышынын коэффициенти;

К4 - жайды пайдалануунун тармактык коэффициенти;

Аж - жер участогун пайдалануу үчүн акы.

Эсептөөдө колдонулган ставкалардын өлчөмү жана коэффициенттердин чоңдугу:

а) Баз.ст. - региондор (облустар) үчүн 80 сом/кв.м.

б) К1 - имараттын жайгашкан жеринин коэффициентинин мааниси:

| Мамлекеттик курулманын, имараттын (жайдын) жайгашкан жери | К1 мааниси |
|---|---|
| республиканын калган региондору | 1 |

в) К2 - жайдын техникалык абалынын коэффициентйнин мааниси:

- канааттандыраарлык - капиталдык ремонт талап кылынат - 1;
- канааттандыраарлык - косметикалык ремонт талап кылынат - 1,1;
- жакшы - (ремонт талап кылынбайт) - 1,2.

г) К3 - имараттын техникалык жабдылышынын коэффициенти:

- суу түтүгүнүн, ысык суунун, борбордук жылытуунун болушу - 1,3;
- суу түтүгүнүн, борбордук жылытуунун болушу - 1,2;